**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

Ош юстиция башкармалыгы
05-август 2026 жылы
мамлекеттик кайра каттоодон өткөрдү
Күбөлүктүн сериясы жана номуру
Алгачкы каттоо күнү 12.03.2001-г
Ошское управление юстиции
года
произвело государственную перерегистрацию юридического лица
Серия и номер свидетельства
Дата первичной регистрации

**Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин буйругу менен**
**«2» ___ 2026-ж. №309**
**БЕКИТИЛДИ**

КАНЦЕЛЯРИЯ

# "ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ" МЕКЕМЕСИНИН УСТАВЫ

Ош шаары – 2026-жыл

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. “Ош мамлекеттик университети” мекемеси (мындан ары – Университет) 1939-жылы Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин чечими менен Ош мугалимдер институту катары негизделген.

Ош мугалимдер институту 1951-жылдын 24-майында СССР Министрлер Советинин токтомуна ылайык Ош мамлекеттик педагогикалык институту болуп кайра түзүлгөн.

Ош мамлекеттик педагогикалык институту Кыргыз Республикасынын Президентинин 1992-жылдын 17-июнундагы № 224 Жарлыгынын негизинде Ош мамлекеттик Университети болуп өзгөртүлгөн.

2. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгы менен “Ош мамлекеттик Университети” мекемесине өзгөчө макам берилди.

3. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы № 243 “Кыргыз Республикасынын жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө” жарлыгы, Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-июлундагы № 414 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларын кайра уюштуруунун айрым маселелери жөнүндө” токтому менен “Ош мамлекеттик Университети” мекемеси укук улантуучусунун статусун белгилөө жана ага “Ош мамлекеттик юридикалык институту” мекемесин юридикалык жак катары сактабастан кошуу жолу менен кайра түзүлгөн.

4. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 25-апрелиндеги № 211 “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларында жана илимий мекемелеринде илимий иштердин натыйжалуулугун жогорулатуу жөнүндө” токтому, Билим берүү жана илим министрлигинин 2023-жылдын 3-майындагы № 2211/1 “Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын илим-изилдөө институттарын Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын карамагына өткөрүп берүү жөнүндө” буйругу менен “Ош мамлекеттик Университети” мекемесинин карамагына юридикалык жактын статусун сактоо менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Түштүк бөлүмүнүн гуманитардык жана региондук изилдөөлөр институту өткөрүлүп берилди.

5. Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана

инновациялар министрлигинин 2025-жылдын 30-июнундагы № 737/1 “Ош курулуш колледжинин” жана “Ош айыл чарба колледжинин” ишмердүүлүгүн оптимизациялоо жөнүндө буйругунун негизинде, Ош курулуш колледжинин жана Ош айыл чарба колледжинин уюштуруучусу катары Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин ордуна “Ош мамлекеттик Университети” мекемеси аныкталат. Жогоруда көрсөтүлгөн мекемелери юридикалык жак катары статусун сактабаган, “Ош мамлекеттик Университетинин Курулуш колледжи” жана “Ош мамлекеттик Университетинин Айыл чарба колледжи” кайрадан аталышат.

6. Университет өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде “Билим берүү жөнүндө” жана “Илим жөнүндө мыйзамдарын”, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларын, ошондой эле белгиленген тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин, Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтомдорун, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин актыларын, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын ченемдик укуктукактыларын, уюштуруучунун чечимдерин, Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларын жана ушул Уставды жетекчиликке алат.

7. Университет Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык жалпы билим берүүчү, кесиптик жана кошумча билим берүү программаларын, ошондой эле илимий-изилдөө, инновациялык, өндүрүштүк жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка ишмердүүлүктүн түрлөрүн жүзөгө ашырат.

8. Университеттин фирмалык аталышы:

- Университеттин мамлекеттик тилдеги толук аталышын: “Ош мамлекеттик Университети” мекемеси;

- Университеттин мамлекеттик тилдеги кыскартылган аталышын: “ОшМУ”;

- Университеттин расмий тилдеги толук аталышын: учреждение «Ошский государственный Университет»;

- Университеттин расмий тилдеги кыскартылган аталышын: «ОшГУ»;

- Университеттин англис тилдеги толук аталышын: «Osh State University».

- Университеттин англис тилдеги кыскартылган аталышын: «OshSU».

9. Университеттин юридикалык дареги: 723500, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Алымбек датка көчөсү, № 331.

11. Университеттин уюштуруучу болуп Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети саналат. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан Университеттин уюштуруучунун функцияларын жана ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы (мындан ары – Уюштуруучу) жүзөгө ашырат.

12. Юридикалык жак статусуна ээ Университеттин өз алдынча балансы, Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлөрдүн банктык жана кредиттик мекемелеринде улуттук жана чет өлкөлүк валютадагы алыш-бериш эсептери бар, ошондой эле:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гербинин сүрөтү түшүрүлгөн жана өзүнүн аталышы менен мөөрү бар;

- өзүнүн атрибутикасына жана анын тарыхын чагылдырган символикасына укугуна ээ, өзүнүн логотибин пайдаланат;

- ыкчам башкаруу укугунда ага бекитилип берилген мамлекеттик менчиктин базасында өз функцияларын жүзөгө ашырат;

- юридикалык жак статусунда иш алып барган анын бардык түзүмдүк бөлүмдөрүн кошкондо, бирдиктүү окуу-илимий-өндүрүштүк комплекс катары иштейт.

13. Өзгөчө макамынын негизинде Университет билим берүү, илимий-изилдөө, маданий-агартуу, өндүрүштүк жана башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууда академиялык, уюштуруучулук-башкаруучулук, административдик жана финансылык-экономикалык өз алдынчалуулукка ээ.

14. Университет кадр саясатын калыптандырууда, активдерди (мүлк) башкарууда, бюджеттик жана атайын каражаттарды тескөөдө, ошондой эле кадрларды тандоодо жана жайгаштырууда академиялык, башкаруучулук жана финансы-экономикалык өз алдынчалыкка ээ. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда белгиленген чектерде, Университет өзүнүн өнүктүрүү стратегиясын натыйжалуу ишке ашыруу максатында илимий жана башка ишмердүүлүктү жүзөгө ашыруу боюнча чечимдерди өз алдынча кабыл алат.

15. Университеттин финансылык жана чарбалык ишмердүүлүгү чарбалык эсеп жана өзүн-өзү каржылоо принциптеринин негизинде, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

16. Университет өзүнүн атынан келишимдерди жана башка

макулдашууларды түзүүгө, мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды алууга жана жүзөгө ашырууга, милдеттерди алууга, ошондой эле мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана жеке жактар менен болгон өз ара мамилелерде өзүнүн укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын өз алдынча коргоого укуктуу. Университет сотто доогер жана жоопкер катары катышууга укуктуу.

## 2-глава. Университеттин ишмердүүлүгүнүн предмети, максаттары, негизги милдеттери

17. Университеттин ишинин предмети төмөнкүлөр болуп саналат:

- кесиптик билим берүү программалары боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн; жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн; орто кесиптик билим берүүнүн; баштапкы кесиптик билим берүүнүн; кошумча кесиптик билим берүүнүн программалары боюнча кадрларды даярдоо;

- Университеттин өзгөчө статусуна ылайык өз алдынча белгиленген билим берүү стандарттарынын талаптарынын негизинде жогорку билим берүүнүн жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программаларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

- жалпы билим берүү программаларын ишке ашыруу: мектепке чейинки билим берүү; башталгыч жалпы билим берүү; негизги жалпы билим берүү; орто жалпы билим берүү; кошумча билим берүү;

- инсандын интеллектуалдык, маданий жана адеп-ахлактык өнүгүүгө муктаждыктарын канааттандыруу;

- эл аралык илимий-изилдөө жана билим берүү мейкиндигине илимди жана билим берүүнү интеграциялоого көмөктөшүү;

- Кыргыз Республикасында илимди жана билим берүүнү өнүктүрүүнү илимий-методикалык жана кадрдык жактан камсыздоо, чет өлкөлүк алдынкы билим берүү жана изилдөө борборлоруна карата Университеттин атаандаштыкка жөндөмүн камсыздоо;

- Университеттин билим берүү жаатында алдыңкы, социалдык багытталган ЖОЖ катары позициясын бекемдөө;

- Университетти ар кандай багыттагы илим тармагындагы фундаменталдык илимий жана эксперттик-талдоочулук изилдөөлөрдүн борбору катары өнүктүрүү.

18. Университеттин максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

- коомдун жана мамлекеттин квалификациялуу адистерге муктаждыгын канааттандыруу;

- Кыргыз Республикасынын өнүктүрүү саясатын жүргүзүүгө

эксперттик-аналитикалык жактан көмөк көрсөтүү;

- демократиялык мамлекеттин идеологиялык жана адеп-ахлактык негиздерин өркүндөтүүгө багытталган билимдерди жайылтуу;

- илимий изилдөөлөрдү, эксперттик, аналитикалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле коомдо, анын ичинде кесиптик коомдоштуктарда заманбап илимий билимдерди жайылтуу;

- адистердин жана калктын калың топторунун арасында билимдерди жайылтуу, алардын билимин жана маданий деңгээлин жогорулатуу;

- мамлекеттик-жеке өнөктөштүктү ишке ашыруу;

- инфратүзүмдүк объекттерди жана/же инфратүзүмдүк кызмат көрсөтүүлөрдү түзүү жана/же модернизациялоо, эксплуатациялоо жана күтүү боюнча долбоорлорду иштеп чыгуу жана ишке ашыруу максатында мамлекеттик жана жеке өнөктөштөрдүн ортосундагы кызматташуу;

- илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү жана аларды коммерциялаштыруу, аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө катышуу;

- калкка медициналык кызмат көрсөтүү;

- “жашыл” саясатты жана санариптештирүүнү ишке ашыруу аркылуу туруктуу өнүгүүнү, инклюзивдик өсүштү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу үчүн Университеттин билим берүү жана инновациялык потенциалын жогорулатуу.

18. Университеттин негизги милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- мектепке чейинки билим берүү, башталгыч жалпы билим берүү, жалпы негизги билим берүү, жалпы орто билим берүү, эмгек рыногунун түзүлгөн талабына ылайык баштапкы, орто, жогорку, ЖОЖдон кийинки жана кошумча кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу бирдиктүү билим берүү комплекстин түзүү;

- өзүнүн илимий жана илимий-техникалык ишинин негизги багыттарын аныктоо;

- бакалаврларды, адистерди жана магистрлерди даярдоо жана кайра даярдоо, жогорку билимдүү кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу;

- илимий жана илимий-техникалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу, адистерди аспирантура, докторантура, изденүүчүлөр институту, тармак боюнча PhD докторантура аркылуу даярдоо;

- илимий-педагогикалык кадрларды максаттуу даярдоо;

- Университетте бирдиктүү билим берүү комплекси катары үзгүлтүксүз жана улантуучу билим берүү системасын ишке ашыруу:

мектепке чейинки билим берүү – башталгыч жалпы билим берүү – негизги жалпы билим берүү – орто жалпы билим берүү – башталгыч кесиптик билим берүү – орто кесиптик билим берүү – жогорку кесиптик билим берүү – ЖОЖдон кийинки билим берүү;

- жогорку билим берүүнү системалуу модернизациялоону камсыздоо;
- инновациялык практикаларды жайылтууга көмөктөшүү;
- билим берүү жана илим чөйрөсүндө коомдук маанилуу иш-чараларды уюштуруу, өткөрүү;
- Университеттин чет өлкөлүк алдыңкы билим берүү жана изилдөө борборлоруна карата атаандаштык жөндөмүн камсыздоо;
- республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу илимий жана илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун конкурстарына катышуу;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамдарда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык мамлекеттер аралык жана эл аралык илимий-изилдөө программаларына жана долбоорлоруна катышуу;
- эл аралык уюмдар, чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар менен бирдикте же алардын буйрутмасы боюнча илимий-изилдөө жана иштелмелерди, маданий, социалдык багыттагы билим берүү долбоорлорун, анын ичинде квалификацияны жогорулатуу чөйрөсүндө, ошондой эле Университеттин ишмердүүлүгүнүн башка багыттарында ишке ашыруу;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иштерин укуктук камсыздоо жаатындагы изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте чарбалык коомдорду, тажрыйбалык өндүрүштөрдү, технопарктарды, технополистерди түзүү жана илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык иштин натыйжаларын ишке ашыруудан киреше алуу;
- Университеттин Көзөмөлчүлүк кеңешинин алдын ала макулдугу менен коммерциялык эмес мамлекеттик билим берүү мекемеси катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген инвестициялык иш-аракеттерден, өз алдынча иш жүргүзүүдөн киреше катары алынган финансылык каражаттардын эсебинен инвестициялоого жана киреше алууга;
- фундаменталдык жана колдонмо изилдөөлөрдү жүргүзүү, мыйзам

чыгаруу процесси жакшыртуу жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу;

- илимий изилдөөлөрдү жүргүзүүдө илимий чыгармачылыктын эркиндигин, ыкмаларды жана багыттарды өз алдынча тандоо укугун камсыз кылуу;

- Университеттин базасында укук, экономика, коммерция, башкаруу, финансы, медицина, фармацевтика, маалыматтык-санариптик технологиялар, архитектура, курулуш, маданият, агартуу, социология, айлана чөйрөнү коргоо жана техника жаатындагы алдыңкы эксперттик-консультациялык, аналитикалык жана илимий өндүрүш борборду түзүү;

- улуттук мыйзамдардын абалына изилдөө жана аны өнүктүрүү концепциясын иштеп чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана башка ченемдик укуктук актыларынын долбоорлорун иштеп чыгуу жана аларга илимий экспертиза жүргүзүү;

- мыйзам чыгаруу процессинин натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүү жана аларды өнүктүрүү багыттарын болжолдоо

- илимий жана басма ишмердүүлүгү;

- окуу-өндүрүштүк комплекстерди түзүү жана өнүктүрүү;

- калктын бардык катмарлары, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жана теңдигин камсыз кылуу;

- ар тараптуу жана адилеттүү сапаттуу билим берүү жана анын өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүгүн жайылтуу;

- Университеттин коомчулугунда, студенттердин, окутуучулардын жана кызматкерлердин арасында теңчилик жана социалдык жоопкерчилик принциптерин жайылтуу;

- ресурстарды башкаруунун туруктуулук практикасын өнүктүрүү, үнөмдүү өндүрүштү камсыз кылууну, калдыктарды азайтууну, материалдарды кайра иштетүүнү жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында тыюу салынбаган башка иш-чараларды киргизүү.

## 3-глава. Университеттин укуктары жана милдеттери

19. Университет өзүнүн негизги милдеттерин аткаруу үчүн төмөнкү укуктарга ээ:

- окуу-методикалык, илимий-изилдөө жана башка иштерди уюштурат жана өркүндөтөт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык профессордук-

окутуучулук курамдын окуу жүктөмүнүн ченемдерин жана көлөмүн, ошондой эле аткарылган илимий изилдөөлөрдүн жана окуу-методикалык иштердин көлөмүн эске алуу менен бул жүктөмдүн чектерин бекитет;

- Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген баштапкы, орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүүнүн билим берүү стандарттарын иштеп чыгат жана бекитет;

- билим берүү стандарттарына ылайык негизги жана негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгат;

- мамлекеттик билим берүү стандарттарына теңештирилген жалпы башталгыч, негизги жана орто билим берүүнүн билим берүү стандарттарын, предметтик стандарттарын иштеп чыгат;

- Университет билим берүү программаларын өз алдынча иштеп чыгат, бекитет жана аларды ишке ашырууга киргизүү жөнүндө чечим кабыл алат (лицензия берет);

- билим берүү процессин уюштурууда окутуу каражаты катары эки же андан ашык тилди пайдалана алат.

- белгиленген тартипте бирикмелерге кирет, филиалдарды түзөт;

- башка илимий жана ар түрдүү уюмдар менен түз байланыштарды өнүктүрөт;

- илимий наам ыйгаруу жана белгиленген тартипте илимий даража алуу үчүн диссертациялык иштерди коргоо боюнча кеңештерди түзүүгө катышат;

- Университеттин өзгөчө макамына ылайык, өз алдынча башкаруу түзүмүн, эмгек акыны төлөө шарттарын жана штаттык жадыбалын аныктайт (түзөт);

- Университеттин ички эмгек тартип эрежелерин жана башка локалдык ченемдик актыларды иштеп чыгат жана кабыл алат;

- Университеттин өзгөчө макамына ылайык, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кошумча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү учурларын кошкондо, билим алуучулардын контингентин өз алдынча калыптандырат;

- ушул Уставга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүүнун сапатын контролдойт;

- илимий эмгектерди, мезгилдүү басылмаларды жана сериялык басылмаларды чыгарат, илимий-техникалык маалыматтардын базаларын түзөт, конференцияларды жана башка илимий иш-чараларды өткөрөт;

- Университеттин иши жөнүндө маалыматтарды камтыган ачык жана жалпыга жеткиликтүү маалыматтык ресурстарды түзүүгө;

- окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарды жана башка материалдарды басып чыгарат;

- эл аралык илимий кеңешмелерди, симпозиумдарды, съезддерди, конференцияларды уюштурат, өткөрөт жана иштерине катышат;

- чет өлкөлүк адистерди жана студенттерди ишке, стажировкага жана окууга кабыл алат;

- Университетте окуп жаткандарга жана кызматкерлерине чет өлкөгө окууга жана стажировкага жолдомо берет;

- өзүнүн кызматкерлерин Университеттин каражаттарынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган бащка булактардын чегинде чет өлкөлүк жана эл аралык окуу, илимий жана башка уюмдарга иш сапарына жиберет;

- маалымат тармактарын, маалыматтар базаларын, программаларын түзөт, өнүктүрөт жана колдонот;

- окутуунун гибриддик методун колдонууга укуктуу, мында педагог менен билим алуучунун түздөн-түз байланышы аркылуу окутуунун салттуу методу онлайн-окутуу методу менен айкалыштырылат;

- билим алуучулар жана кызматкерлер үчүн алардын интеллектуалдык жана чыгармачылык потенциалын ишке ашырууга, спорт менен машыгууга жана эс алууга шарттарды түзөт, анын ичинде Университетке бекитилип берилген мүлктүн базасында түзүлгөн спорттук-ден соолукту чыңдоочу студенттик лагерлерде;

- жогорку корпоративдик маданиятты калыптандырат жана өнүктүрөт;

- сапат менеджментинин системасын үзгүлтүксүз жакшыртат;

- мамлекеттик-жеке өнөктөштүктө инновациялык долбоорлорду ишке ашырат;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Университет өзүнүн чарбалык жана башка ишмердүүлүгү, келишимдик негиздеги окутуу, ички каржылык ресурстары, ошондой эле уставдык ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн тартылган кошумча финансылык жана материалдык булактар (анын ичинде банктык кредиттер) эсебинен Университеттин негизги ишмердүүлүгүнүн материалдык-техникалык базасын камсыздайт жана жабдуулар менен толуктайт. Ошол эле учурда алынган банктык кредиттерди кайтаруу боюнча толук юридикалык жоопкерчиликти өзүнө алат;

- колдонуудагы ченемдик укуктук жана локалдык актылар менен аныкталган кызматтык маяналарга үстөктөрдү жана кошумча акыларды, кызматкерлерге сый акы берүү тартибин жана өлчөмдөрүн белгилейт;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген илимий-техникалык жана социалдык өнүгүү, материалдык дем берүү жана башка багыттар боюнча фонддорду түзөт;

- Университеттин өзгөчө макамына ылайык, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Университет окуу үчүн төлөмдүн өлчөмүн, ошондой эле кошумча акы төлөнүүчү ишмердүүлүктүн алкагында илимий жана башка продукциялардын баасын өз алдынча белгилейт;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына каршы келбеген белгиленген тартипте чет өлкөлүк жана эл аралык уюмдар менен келишимдерди түзөт жана алардын ишмердүүлүгүнө катышат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Университеттин госпиталдык базасында ден соолукту сактоочу технологияларды киргизүү жана иштеп чыгуу, медициналык кызматтарды көрсөтүү;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өзгөчө кырдаалдарда жана тынч мезгилде профессордук-окутуучулук курамдын, кызматкерлердин жана студенттердин коопсуздугун камсыздоо боюнча иш-чараларды уюштуруу жана аларга катышуу;

- табигый, техникалык, гуманитардык, прикладдык жана коомдук илимдер жаатындагы илимий-изилдөө иштерин жүргүзүү (мониторингди кошкондо);

- жаңы техника, технологиялар, материалдар, заттар, приборлор жана жабдууларды иштеп чыгуу жана өндүрүшкө киргизүү боюнча тажрыйбалык-конструктордук жана долбоордук-технологиялык иштерди жүргүзөт;

- илимий, илимий-техникалык, экономикалык, социалдык жана экологиялык экспертизаларды жүргүзүү (идентификацияны кошкондо);

- материалдык жана материалдык эмес мүнөздөгү объекттер менен процесстерди илимий жактан талдоо жана баалоо иштерин жүргүзөт;

- жабдуулардын, конструкциялардын, буюмдардын, заттардын жана материалдардын үлгүлөрүнө сыноо иштерин жүргүзүү;

- профилдик адистин көчмө экспедициялык жана практикалык кызмат көрсөтүүлөрү;

- методикалык жана библиографиялык колдонмолорду, проспекттерди камтыган китепкана документтерин жана басма продукцияларын иштеп чыгуу жана басып чыгаруу;

- имараттардын энергетикалык натыйжалуулугун жогорулатуу, кайра жаралуучу энергияга өтүү жана парник газдарынын эмиссиясын азайтуу аркылуу Университеттин көмүртек изин азайтуу боюнча иш-чараларды

өткөрүү;

- климаттын өзгөрүшү, биологиялык ар түрдүүлүктүн жоголушу жана теңсиздик сыяктуу глобалдык көйгөйлөрдү чечүү үчүн туруктуу өнүгүүнүн инновациялык чечимдерин изилдөө жана иштеп чыгуу;

- студенттерди туруктуу өнүгүү боюнча ишмердүүлүгүнө, айлана-чөйрөнү сактоого жана жашоонун сапатын жакшыртууга көмөктөшүүчү экологиялык иш-чараларды, долбоорлорду жана программаларды уюштурууга тартат;

- Университеттин өзгөчө макамына ылайык, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен тыюу салынбаган, киреше алып келүүчү коммерциялык жана башка ишмердүүлүктү жүргүзүүгө укуктуу. Мындай ишмердүүлүккө товарларды өндүрүү жана кызмат көрсөтүү аркылуу пайда табуу кирет. Ал эми башка түрдөгү ишмердүүлүктү жүргүзүү үчүн Университет Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык тиешелүү уруксатты (лицензияны) алууга тийиш.

## 4-глава. Университеттин түзүмү

20. Өзгөчө макамына ылайык, Университет Көзөмөлчүлүк кеңешинин макулдугу менен ички уюштуруучу-башкаруу түзүмүн өз алдынча аныктайт.

21. Университеттин курамына институттар, факультеттер, жогорку мектептер, окуу-илимий борборлор, окуу-өндүрүштүк комплекстер, филиалдар, кафедралар, лабораториялар, өндүрүштүк жана административдик-чарбалык бөлүмдөр, юридикалык клиника, медициналык клиникалар, медициналык жана рекреациялык-саламаттыкты сактоо инфраструктуралары, ошондой эле коммерциялык жана коммерциялык эмес мүнөздөгү башка түзүмдүк бөлүмдөр кирет.

22. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Университет илимий-изилдөө институттарын, технополистерди, филиалдарды, илимий борборлорду жана технологиялык парктарды (технопарк), илимий-инновациялык борборлорду, тажрыйба станцияларын, илимий базаларды, станцияларды жана лабораторияларды, өкүлчүлүктөрдү, аймактык илимий-билим берүү мекемелерин жана юридикалык жак статусуна ээ болгон башка уюмдарды, ошондой эле илимий-өндүрүштүк бирикмелерди, коомдук уюмдарды жана бирикмелерди (союздарды, академияларды, кесиптик ассоциацияларды, окуу-усулдук бирикмелерди, илимий-усулдук, илимий-техникалык жана башка кеңештерди жана уюмдарды), окуу-өндүрүштүк жана инновациялык

бөлүмдөрдү түзө алат.

23. Университет өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнүн өз ара аракеттенүүсүнүн формалары жана тартиби, ошондой эле түзүмдүк бөлүмдөрдүн өз ара кызматташуу тартиби Университеттин Уставы жана тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн жоболору менен аныкталат

24. Университеттин өзгөчө макамына ылайык, өзүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнүн статусун жана аталышын, алардын ишмердүүлүгүн уюштуруунун тартибин, ошондой эле башкарууга жана персоналга коюлуучу талаптарды өз алдынча аныктайт.

25. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрү Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын, ошондой эле ректор тарабынан бекитилген локалдык укуктук актылардын негизинде иш алып барышат.

26. Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүн (башкармалыктарды, бөлүмдөрдү, секторлорду, факультеттерди, институттарды, колледждерди, мектептерди жана башка бөлүмдөрдү) кайра атоо, түзүү, кайра уюштуруу жана жоюу Окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде, Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу аркылуу ректор тарабынан бекитилет.

Илимий-педагогикалык (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), административдик-чарбалык, окуу-көмөкчү, инженердик-техникалык жана башка категориядагы персонал үчүн жаңы штаттык бирдиктерди киргизүү маселелери Университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен чечилет.

27. Кафедралардын кадрдык түзүмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана Университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен Университет тарабынан өз алдынча түзүлөт. Билим берүү процессинин сапатын камсыз кылуу максатында Университет кафедралардын кадрдык түзүмүнүн ченемдик параметрлерин белгилөөгө укуктуу. Профессордук-окутуучулук курамдын жогорку квалификациялуу кызмат орундарынын үлүшү Университеттин локалдык ченемдик укуктук актылары менен аныкталат жана, эреже катары, кафедранын штаттык бирдиктеринин жалпы санынын 60 пайызынын чегинде белгиленет.

## 5-глава. Университетти башкаруу

28. Университетти башкаруу демократиялаштыруу, децентрализация, автономия жана өз алдынча башкаруу принциптеринин негизинде жүзөгө ашырылат.

29. Университеттин өз алдынча башкаруу формалары болуп жалпы

жыйын, Көзөмөлчүлүк кеңеши, Окумуштуулар кеңеши, Педагогикалык кеңеши жана башка коллегиалдуу органдар саналат. Өз алдынча башкаруу органдарын шайлоонун тартиби жана алардын компетенциялары, кеңеш менен билим берүү уюмунун жетекчисинин ортосундагы ыйгарым укуктарды бөлүштүрүү Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана ушул Устав менен аныкталат.

Университеттин башкаруу органдарынын ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык так ажыратылат.

30. Университетти башкарууга кызматкерлердин өкүлчүлүк органдары, анын ичинде кесиптик бирлик уюмдары, Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык катышат.

31. Жалпы жыйын Университеттин жамаатынын коллегиалдуу башкаруу органы болуп саналат. Анын компетенциясына жамааттык келишимдин долбоорун кароо жана кабыл алуу, анын аткарылышы жөнүндө отчетту угуу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

32. Университеттин ректору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык билим берүү жана илим чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат.

33. Ректор 5 жылдык мөөнөткө кызматка дайындалат. Бир эле адам Университеттин жетекчисинин ишин он жылдан ашык жүргүзө албайт.

Ректор Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кызматтан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн.

34. Университеттин ректору кызматынан бошотулган учурда Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы ректордун милдеттерин убактылуу аткарууну проректорлордун бирине жүктөйт.

35. Ректор убактылуу жок болгон учурда (убактылуу эмгекке жарамсыздыкка, эмгек өргүүсүнө, кызматтык иш сапарга же башка жагдайларга байланыштуу) ректордун милдеттерин аткаруу ректордун буйругу менен проректорлордун бирине жүктөлөт. Эгерде ректор тиешелүү буйрук чыгарууга мүмкүнчүлүгү жок болсо, ректор кызматтык милдеттерин аткарууга чыкканга чейин ректордун милдеттерин убактылуу аткаруу окуу иштери боюнча проректорго жүктөлөт.

36. Университетте эмгек жана башка ички мамилелерди жөнгө салуучу локалдык ченемдик укуктук актылар Кыргыз Республикасынын

мыйзамдарына ылайык кабыл алынат.

37. Университеттеги эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат. Иш берүүчүнүн укуктары жана милдеттери ректор тарабынан жүзөгө ашырылат.

38. Университеттин ректору:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ушул Уставга, Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечимдерине туура келбеген же колдонуу зарылдыгы жоголгон учурларда, мурда өзү тарабынан чыгарылган буйруктарды жана тескемелерди толугу менен же жарым-жартылай жокко чыгарууга (күчүн жоготту деп табууга) укуктуу;

- Университетте коррупциялык укук бузуулардын алдын алуу, аныктоо жана бөгөт коюу боюнча чараларды ишке ашырууну камсыз кылат, Кыргыз Республикасынын коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын аткарууну уюштурат, ошондой эле Университеттин кызматкерлери жана билим алуучуларынын коррупцияга каршы ченемдерди сактоосун көзөмөлдөйт;

- өз ыйгарым укуктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык, өзүнүн компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырат;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Университеттин атынан чыгат, башка мамлекеттик уюмдарда, мекемелерде анын кызыкчылыктарын коргойт;

- Университеттин ишинин натыйжалары, билим берүүнүн сапатынын жана адистерди даярдоонун мамлекеттик стандарттардын талаптарына шайкеш келүүсү үчүн жоопкерчилик тартат;

- белгиленген тартипте Университеттин уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмүн аныктайт, координациялайт жана бекитет;

- Өзгөчө макамына жана Университеттин Уставына ылайык кадрдык курамын өз алдынча түзө алат;

- кафедралардын кадрдык түзүмүн жана профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын бөлүштүрүүнүн ченемдик параметрлерин бекитет;

- Көзөмөлчүлүк кеңешинин макулдугу менен Университеттин сметасын бекитет жана анын аткарылышын контролдойт;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин уставына ылайык белгиленген тартипте проректорлорду, башкы бухгалтерди, Университеттин окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин кызматка дайындайт жана кызматынан бошотот;

- Университеттин бардык кызматкерлери, анын ичинде

филиалдардын жетекчилери жана алардын орун басарлары менен, илимий-педагогикалык кызматкерлерди ишке кабыл алууну, бошотууну жана башка кызматка которууну, эмгек келишимдерин түзүүнү, өзгөртүүнү жана бузууну ишке ашырат;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте жана ушул Уставдын негизинде мүлктү жана каражаттарды тескейт;

- келишимдерди түзөт, ишеним каттарды берет, банктарда эсептерди ачат жана кредиттердин бөлүштүрүүчүсү болуп саналат;

- Университеттин штаттык ырааттамасын жана ички эмгек тартибинин эрежелерин бекитет;

- компетенциясынын чегинде бардык кызматкерлер жана окуп жаткандар үчүн аткарууга милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет;

- Университеттин локалдык укуктук актыларын бекитет;

- ушул Уставга жана локалдык укуктук актыларга ылайык Университеттин проректорлоруна ыйгарым укуктарын (каржылык жана кадрдык ыйгарым укуктардан тышкары) ыйгарып берүүгө.

39. Университеттин проректорлору өздөрүнө берилген ыйгарым укуктардын чегинде ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат жана функционалдык милдеттеринин курамына кирген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткарылышы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жеке жоопкерчилик тартат.

40. Университеттин проректорлорунун саны Университеттин уюштуруучулук түзүмүн, өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарын, билим берүү, илимий жана административдик ишмердүүлүгүнүн көлөмүн эске алуу менен Камкорчулар кеңеши менен макулдашуу боюнча ректор тарабынан аныкталат.

41. Проректорлор Университеттин ректору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат. Проректорлор менен эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте таризделет.

42. Университеттин уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери ректор тарабынан бекитилген кызматтык нускамалардын негизинде өздөрүнө берилген ыйгарым укуктардын чегинде жетекчиликти жүзөгө ашырат жана функционалдык милдеттеринин курамына кирген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн (KPI)

аткарылышы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жеке жоопкерчилик тартат.

43. Уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери Университеттин ректору тарабынан кызматка дайындалат жана кызматтан бошотулат. Алар менен эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте таризделет.

44. Уюштуруучулук-башкаруучулук түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин функционалдык милдеттеринин курамына кирген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткарылышына баа берүү Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Баалоонун жыйынтыгынын жана комиссиянын корутундусунун негизинде Университеттин ректору Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык тиешелүү кадрдык чечимдерди кабыл алат.

45. Өзгөчө макамга ээ Университетте окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилерин (факультеттердин декандарын, институттардын, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлорун) жана кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчыларын конкурстук тандоодон өткөрүүнүн, кызматка дайындоонун жана кызматтан бошотуунун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык Университет тарабынан өз алдынча аныкталат.

46. Окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери жана кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчылары өздөрүнө берилген ыйгарым укуктардын чегинде ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырат жана функционалдык милдеттеринин курамына кирген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткарылышы үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

47. Окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин жана кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчыларынын функционалдык милдеттеринин, анын ичинде негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүнүн (KPI) аткарылышына баа берүү Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте жүргүзүлөт. Баалоонун жыйынтыгынын жана конкурстук комиссиянын корутундусунун негизинде Университеттин ректору Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык тиешелүү кадрдык чечимдерди кабыл алат.

48. Бир эле адам Университеттин түзүмү өзгөргөн же кайра уюштурулган учурларды кошо алганда, окуу түзүмдүк бөлүмүнүн жетекчисинин (факультеттин деканынын, институттун, жогорку мектептин, колледждин директорунун) же кафедранын (бөлүмдүн) башчысынын кызмат ордун жалпысынан он жылдан ашык ээлей албайт.

49. Конкурстук тандоонун жыйынтыгы боюнча Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга жооп берген башка талапкерлер жок болгон учурда, ректор Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте тиешелүү кызмат ордун ээлеген адам менен эмгек мамилелерин улантуу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

50. Университеттин проректорлорунун, уюштуруучулук-башкаруучулук жана окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин (факультеттердин декандарынын, институттардын, жогорку мектептердин жана колледждердин директорлорунун), кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчыларынын, ошондой эле башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилеринин кызмат орундарына алтымыш беш жашка чыга элек адамдар дайындалат.

Көрсөтүлгөн кызмат орундарын ээлеп турган жана алтымыш беш жашка чыккан адамдар алардын макулдугу менен квалификациясына ылайык келген башка кызмат орундарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте которулушу мүмкүн.

Бул чектөө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденттерине жана академиктерине, ошондой эле Университеттин Scopus жана/же Web of Science маалымат базалары боюнча наукометриялык көрсөткүчтөрү TOP-10–20 деңгээлиндеги илимий-педагогикалык кызматкерлерине колдонулбайт.

51. Университеттин окуу, илимий-изилдөө жана усулдук ишмердүүлүгү, ошондой эле илимий-педагогикалык кадрларды калыптандыруу жана даярдоо жаатындагы жалпы жетекчилик Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык, өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан жүзөгө ашырылат, анын төрагасы ректор болуп саналат.

52. Университеттин Окумуштуулар кеңеши коллегиалдуу коомдук-кесиптик башкаруу органы болуп саналат, анын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:

- Университеттин уюштуруучулук-башкаруу түзүмүн, анын

факультеттерин, институттарын, колледждерин, кафедраларын, бөлүмдөрүн, ошондой эле башка илимий жана окуу түзүмдүк бөлүктөрүн түзүү, кайра уюштуруу жана ишмердүүлүгүн токтотуу маселелерин кароо жана Университеттин финансылык мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен тиешелүү сунуштарды иштеп чыгуу;

- Окумуштуулар кеңешинин кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана бошотуу, ошондой эле финансылык-чарбалык иш боюнча чечимдери сунуштоочу мүнөзгө ээ;

- Университетти өнүктүрүүнүн жылдык жана келечектеги пландарын бекитүү;

- Университеттин проректорлорунун, түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин окуу, окуу-методикалык, илимий, финансы-чарбалык, тарбиялык иштер боюнча жана аларды андан ары жакшыртуу чараларын көрүү жөнүндө отчетторун угуу;

- Университеттин ректорунун ыйгарым укугунун мөөнөтү бүткөндө өзүнүн ишинин жыйынтыгы боюнча отчетун угуу;

- жумушчу окуу пландарын жана окуу процессинин графигин, тандоо боюнча сабактардын тизмесин билим берүү стандарттарына ылайык бекитүү;

- окуу сабактарынын программаларын, аспиранттардын, докторанттардын, изденүүчүлүрдүн жекече окуу пландарын бекитүү тартибин, ошондой эле магистрлердин жекече даярдоо пландарын жана алардын аткарылышын контролдоо тартибин аныктоо;

- окуу процессии уюштуруу жана оптималдаштыруу, окуу процессине натыйжалуу окутуу технологияларын киргизүү маселелерин кароо;

- илимий-изилдөө жана методикалык иштердин негизги багыттарын аныктоо, аларды жүргүзүүгө финансы жана эмгек ресурстарын бөлүштүрүү;

- Университеттин илимий жана окуу бөлүмдөрүнүн илимий-уюштуруучулук иштеринин натыйжалуулугун баалоо боюнча чечимдерди жана баалоонун негизинде аларды өнүктүрүүнүн максатка ылайыктуулугу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу;

- профессордук-окутуучулук курамдын (профессор, доцент, улук окутуучу) кызмат орундарын ээлөөгө белгиленген тартипте конкурстук тандоолорду жүргүзүү;

- профессор жана доцент илимий наамдарына талапкерлердин материалдарын кароо жана аларды белгиленген тартипте илимий наамдарды ыйгарууга сунуштоо;

- илимий кызматкерлерди аттестациялоо тартибин аныктоо жана анын жыйынтыктарын кароо;

- Университеттин илимий-педагогикалык кызматкерлеринин, аспиранттарынын, профиль боюнча (PhD) докторанттарынын, илимдин доктору, кандидаты окумуштуулук даражасына изденүүчүлөрдүн документтерин кароо, алардын диссертациялык иштеринин темаларын бекитүү жана кайрадан бекитүү, илимий жетекчилерин (кеңешчилерин) дайындоо жана кайрадан дайындоо;

- студенттер, магистранттар жана аспиранттар үчүн түзүлүүчү энчилүү жана мамлекеттик стипендияларды берүү маселелерин кароо;

- Университеттин илимий-педагогикалык кадрларын мамлекеттик сыйлыктарга көрсөтүү иштерин кароо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары жана Университеттин ички ченемдик укуктук актылары менен белгиленген башка ишмердүүлүк түрлөрүн жүзөгө ашыруу.

Окумуштуулар кеңешинин чечимдери Окумуштуулар кеңешке катышкан мүчөлөрүнүн жөнөкөй көпчүлүк добуштары менен кабыл алынат. Окумуштуулар кеңешинин чечими анын мүчөлөрүнүн үчтөн экисинен кем эмеси катышканда мыйзамдуу болуп саналат.

Окумуштуулар кеңешинин кадрларды тандоо, жайгаштыруу жана кызматтан бошотуу, окуу, илимий, тарбиялык, финансы-чарбалык жана башка ишмердүүлүк маселелери боюнча чечимдери Университеттин ректору тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирет.

53. Университеттин Окумуштуулар кеңешин түзүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бекитилүүчү жогорку окуу жайдын Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо жана Университеттин Окумуштуулар кеңеши жөнүндө жобо менен жөнгө салынат.

54. Университеттин Көзөмөлчүлүк кеңеши – юридикалык жак статусуна ээ болбогон, мамлекеттик билим берүү уюмунун шайлануучу өз алдынча башкаруу органы болуп саналат, ал Университеттин уставдык максаттарына жетүүгө көмөк көрсөтүү, ошондой эле кошумча (бюджеттен тышкаркы) каражаттарды тартуу жана алардын максаттуу пайдаланылышын контролдоо функцияларын жүзөгө ашырат.

Билим берүү кызматтарынын сапатын жогорулатууга көмөк көрсөтүү, Университеттин ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын камсыз кылуу, ошондой эле бюджеттен тышкаркы каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Университетте Көзөмөлчүлүк кеңеш түзүлөт.

Көзөмөлчүлүк кеңештин түзүлүү тартиби, ишин уюштуруу жана

ыйгарым укуктары Кыргыз Республикасынын «Көзөмөлчүлүк кеңеш жөнүндө» Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары жана ушул Устав менен аныкталат.

Көзөмөлчүлүк кеңеши Университеттин ишмердүүлүгүнүн ачыктыгын камсыз кылууга, кошумча каржылоо булактарын тартууга жана Университеттин өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

55. Көзөмөлчүлүк кеңешинин милдеттери төмөнкүлөр болуп саналат:

- Университеттин ишмердүүлүгүн натыйжалуу уюштуруу үчүн шарттарды түзүүгө көмөктөшүү;

- Университетке анын уставдык максаттарына жана милдеттерине жетишүүсүнө көмөктөшүү;

- Университеттин жарандык коом уюмдары, ошондой эле эл аралык уюмдар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүнө көмөктөшүү;

- Университетти каржылоо үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген кошумча каржы булактарын тартуу.

56. Көзөмөлчүлүк кеңешинин ыйгарым укуктары:

- Университеттин уюштуруучу-башкаруучулук түзүмдөрүн иштеп чыгууга жана кабыл алууга көмөктөшөт;

- Университеттин өнүгүү стратегиясын иштеп чыгууга жана кабыл алууга, ошондой эле билим берүүчүлүк кызматтардын сапатын жогорулатууга көмөктөшөт;

- Университет үчүн тартылган бюджеттен тышкары каражаттарды чыгымдоо сметасынын аткарылышын карайт жана көзөмөлдүк кылат;

- каржы-чарбачылык ишмердүүлүккө тийиштүү болгон Университеттин локалдык ченемдик актыларын карайт;

- Университеттин өнүгүүсү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген донорлорду (инвесторлорду, меценаттарды) жана каржылоонун башка булактарын издөө жана тартуу иштерин жүргүзөт.

57. Социалдык өнөктөштүктө кызматкерлердин өкүлү Университеттин кесиптик бирлиги болуп саналат. Университеттин Кесиптик бирлигинин ишмердүүлүгү «Кесиптик бирликтер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамы менен жөнгөлөт.

58. Университетте окуу процессин эффективдүү уюштуруу, билим берүү программаларын өнүктүрүү, билим берүү стандарттарын иштеп чыгуу аркылуу даярдалуучу адистердин сапатын жогорулатуу боюнча окуу-илимий, окуу-усулдук иш-чараларды координациялоочу Окуу-усулдук бирикме ишмердигин жүргүзөт. Окуу-усулдук бирикменин окуу-методикалык иштелмелери жана сунуштары Унивесриттеттин

Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет. Окуу усулдук бирикменин курамы Университеттин алдыңкы тажрыйбалуу илимий-педагогикалык кадрларынан, иш берүүчүлөрдөн, ата мекендик жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун өкүлдөрүнөн куралып, коллегиалдуу, көз карандысыз орган болуп эсептелет жана Университеттин Окумуштуулар кеңешинин алдында түзүлөт. Окуу-методикалык бирикме өз ишмердигин Кыргыз Республикасынын учурда колдонуудагы мыйзамдарына, ушул Уставга жана Университеттин жергиликтүү ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзөт.

59. Университетте ректордун алдында кеңеш берүүчү жана координациялоочу башкаруу органы болуп саналган Административдик кеңеш түзүлөт жана иш алып барат.

Административдик кеңеш Университеттин учурдагы уюштуруучулук, окуу, илимий, окуу-усулдук, тарбиялык, финансы-чарбалык жана социалдык маселелерин ыкчам кароону, ошондой эле Университеттин түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ишмердүүлүгүн координациялоону камсыз кылат.

Административдик кеңештин курамына ректор (төрага), проректорлор, факультеттердин декандары, институттардын, филиалдардын, колледждердин директорлору, негизги түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери, кесиптик бирликтин жана студенттик өз алдынча башкаруунун өкүлдөрү кириши мүмкүн.

Административдик кеңештин курамы, ишинин тартиби жана ыйгарым укуктары Университеттин ректору тарабынан бекитилген Административдик кеңеш жөнүндө жобо менен аныкталат.

Административдик кеңештин чечимдери сунуштамалык мүнөзгө ээ жана ректор тарабынан бекитилгенден кийин аткарууга коюлат.

60. Университеттин студенттеринин укуктарын коргоо жана ишке ашыруу боюнча өкүлчүлүктүү органы болуп Университеттин Студенттик кеңеши саналат. Университеттин Студенттик кеңешинин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана ректор тарабынан бекитилген Университеттин Студенттик кеңеши жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

61. Университеттин түзүмүндө колледжде жана мектепте билим берүү ишмердүүлүгү жана окуу-тарбия иши боюнча Педагогикалык кеңеш түзүлөт. Педагогикалык кеңештин ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана ректор тарабынан бекитилген Университеттин Педагогикалык кеңеши жөнүндө жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

62. Университетте эмгек тартибин жана этиканы сактоону контролдоону камсыз кылуучу коллегиалдуу орган болуп саналган Эмгек тартиби жана этика боюнча комитет (комиссия) түзүлөт, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору тарабынан бекитилген жобого ылайык жүзөгө ашырылат. Комитет (комиссия) Университеттин кесиптик бирлиги менен макулдашуу боюнча ректордун буйругу менен түзүлөт.

63. Университетте Антикоррупциялык комиссия түзүлөт, анын ишмердүүлүгү Университеттин ректору тарабынан бекитилген жобого ылайык жүзөгө ашырылат. Антикоррупциялык комиссиянын ишинин жыйынтыктары профессордук-окутуучулук курамды, кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчыларын, ошондой эле окуу жана башка түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин конкурстарды өткөрүүдө жана аттестациялоодо эске алынат.

## 6-глава. Билим алуучуларды кабыл алуу, которуу, бүтүрүү жана окууга калыбына келтирүү тартиби

64. Университетке кабыл алуу тартиби:

65. Өзгөчө макамга ылайык Университет Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Уставга ылайык Университетке кабыл алуу эрежелерин өз алдынча иштеп чыгат жана бекитет. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын өкмөтү тарабынан белгиленүүчү кабыл алуу тартибине каршы келбеген ар жылдык кабыл алуу эрежелерин иштеп чыгат жана бекитет.

66. Университет өзгөчө макамга ылайык студенттердин санын өз алдынча аныктайт жана акы төлөнүүчү негизде мектепке чейинки, башталгыч жалпы, негизги жалпы, орто жалпы, башталгыч кесиптик, орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча окууга студенттерди (окуучуларды) кабыл алуу планын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик актыларынын негизинде, окуу процессин жүргүзүүнүн чектелген ченемдерине ылайык Университет тарабынан белгиленет жана бекитилет.

67. Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык Университет окуу программаларына кабыл алууну жарыялайт.

68. Университетке кабыл алууда окууга тапшырып жаткандарды жана (же) алардын ата-энелерин (мыйзамдуу өкүлдөрүн) ушул Устав,

билим берүү ишин жүргүзүүгө лицензиясы, Университеттин аккредитациялоо жөнүндө күбөлүгү жана билим берүү процессин регламенттеген башка документтер менен тааныштырууга милдеттүү.

69. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, окууга тапшыруучулардын арыздары боюнча Университетке кабыл алуу конкурстук негизде жүргүзүлөт. Конкурстун шарттары жарандардын билим берүү жаатындагы укуктарын сактоого кепилдик бериши жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында башкача каралбаса, тийиштүү деңгээлдеги билим берүү программаларын өздөштүрүүгө даярдалган, кыйла жөндөмдүү жарандарды кабыл алууну камсыздашы керек.

70. Жогорку кесиптик билим берүү программалар боюнча Университетке орто жалпы билими жөнүндө аттестаты, кесиптик орто билими тууралуу дипломy же кесиптик жогорку билими жөнүндө диплому бар Кыргыз Республикасынын жарандары кабыл алынат.

71. Чет өлкөлүк жарандар жана жарандыгы жок адамдар Университетке Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерде белгиленген тартипте кабыл алынат.

72. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жеңилдиктерди пайдаланган жарандар конкурстан тышкары кабыл алынат.

73. Университетке тапшырып жаткан адамдардын документтерин кабыл алууну уюштуруу, Университеттин студенттеринин курамына кабыл алуу жол-жобосун жүргүзүү үчүн кабыл алуу комиссиясы түзүлөт. Документтерди кабыл алуу жана Университетке кабыл алуунун Университеттин ректору бекиткен жол-жобосу кабыл алуу эрежелери менен регламенттелет.

74. Студенттердин катарына кабыл алууга тандоо жана сунуштоо Университеттин кабыл алуу комиссиясы тарабынан Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген мөөнөттө жүргүзүлөт. Кабыл алуунун жыйынтыктарынын негизинде абитуриенттерди студенттердин катарына кабыл алуу жөнүндөө буйрук чыгарылат.

75. Университет Билим берүү жана илим жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга студенттерди кабыл алуунун жүрүшү жөнүндө маалыматты жана тийиштүү формалар боюнча белгиленген мөөнөттөрдө кабыл алуу жөнүндө жыйынтыктоочу отчетту берет.

76. Билим алуучуларды которуу тартиби

77. Билим алуучуларды которуу башка билим берүү уюмдарынан Университетке, Университеттен башка билим берүү уюмдарына, ошондой

эле Университеттин ичинде жүргүзүлөт.

78. Которуу билим алуучунун жеке арызынын негизинде жана билим берүү программаларынын мазмунунун, окутуунун натыйжаларынын жана академиялык кредиттердин (ECTS) көлөмүнүн шайкештигин эске алуу менен жүзөгө ашырылат.

79. Которууга билим берүү программасы боюнча белгиленген көлөмдө академиялык кредиттерди өздөштүргөн билим алуучуларга жол берилет.

80. Билим берүү уюмдарынын ортосунда которуу тиешелүү билим берүү уюмунун аккредитациясы болгон шартта жүргүзүлөт.

81. Которуу учурунда билим алуучунун мурда өздөштүргөн дисциплиналары жана академиялык кредиттери таанылат жана кайра эсептелет.

82. Билим берүү программаларынын мазмунунда айырмачылыктар болгон учурда академиялык айырма белгиленет жана белгиленген мөөнөттө жоюлууга тийиш.

83. Которуу учурунда билим алуучу үчүн индивидуалдык окуу планы түзүлөт.

84. Билим алуучуну которуу Аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде ректордун буйругу менен таризделет жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

85. Билим алуучуларды окуудан чыгаруу жана окууга калыбына келтирүү тартиби

86. Билим алуучулар Университеттен өз каалоосу боюнча же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Уставда каралган башка негиздер боюнча окуудан чыгарылышы мүмкүн.

87. Окуп жаткандар университтетен жеке арызы боюнча буйрук менен төмөндөгүдөй учурларда чыгарылышы мүмкүн:

- өз каалоосу менен (конкреттүү себептерин керсетпестен);
- башка окуу жайга которулгандыгына байланыштуу;
- ден соолугуна байланыштуу (медициналык мекеменин маалым каттарынын негизинде);
- үй-бүлөлүк шартына байланыштуу.

88. Университеттин локалдык ченемдик актыларына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык администрациянын демилгеси боюнча окуудан чыгаруу тийиштүү окуу бөлүмүнүн жетекчисинин сунушу боюнча буйрук менен жүзөгө ашырылат.

89. Окуудан чыгарылган билим алуучуга белгиленген тартипте анын

арызынын негизинде жана айланып өтүү баракчасы таризделгенден кийин академиялык маалымкат жана/же тиешелүү документтер берилет.

90. Университеттен мурда окуудан чыгарылган адамдар окууга калыбына келтирилиши мүмкүн.

91. Окууга калыбына келтирүү билим алуучунун жеке арызынын негизинде жана мурда өздөштүрүлгөн билим берүү программасынын мазмунун, окутуунун натыйжаларын жана академиялык кредиттердин (ECTS) көлөмүн эске алуу менен жүргүзүлөт.

92. Калыбына келтирүү учурунда билим алуучунун мурда өздөштүргөн дисциплиналары жана академиялык кредиттери таанылат жана кайра эсептелет.

93. Билим берүү программаларындагы айырмачылыктар болгон учурда академиялык айырма белгиленет жана белгиленген мөөнөттө жоюлууга тийиш.

94. Калыбына келтирүү учурунда билим алуучу үчүн индивидуалдык окуу планы түзүлөт.

95. Окууга калыбына келтирүү Аттестациялык комиссиянын чечиминин негизинде ректордун буйругу менен таризделет.

96. Билим алуучуну окуудан чыгаруу жана окууга калыбына келтирүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

97. Билим алуучуларды бүтүрүү тартиби

98. Билим берүү программасын толук өздөштүргөн, окуу планына ылайык каралган академиялык кредиттердин (ECTS) көлөмүн топтогон жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан ийгиликтүү өткөн билим алуучулар бүтүрүүчү болуп саналат.

99. Бүтүрүү билим берүү программасынын максаттарына жетишилгендигин жана окутуунун натыйжаларына жетишүүнү ырастоонун негизинде жүзөгө ашырылат.

100. Бүтүрүүчүлөргө тиешелүү билим берүү деңгээли боюнча квалификация ыйгарылат жана мамлекеттик үлгүдөгү документ (диплом) берилет.

101. Билим алуучуларды бүтүрүү жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жыйынтыктарынын негизинде ректордун буйругу менен таризделет.

102. Билим алуучуларды бүтүрүү Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

## 7-глава. Билим алуучулардын укуктары жана милдеттери

103. Студент, угуучу, окуучу, магистрант, PhD-докторант, изденүүчү, абитуриент, докторант тиешелүү билим берүү программалары боюнча окуу үчүн ректордун буйругу менен Университетке белгиленген тартипте кабыл алынган адам болуп саналат.

104. Университеттин угуучулары болуп төмөнкү адамдар саналат:

- даярдоо курстарында окуган;
- квалификацияны жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо түзүмдүк бөлүмдөрүндө окуган.

Билим берүү кызматтарын алууга карата угуучулардын укуктук абалы тиешелүү окутуу формасындагы Университеттин студента статусуна шайкеш келет.

105. Университетте окуп жаткандардын (окуучу, угуучу, студент, магистрант, аспирант, докторант) укуктары жана милдеттери колдонуудагы мыйзамдар, ушул Устав, акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү жөнүндө келишим менен аныкталат.

106. Университетте окуп жаткандар төмөнкүлөргө укуктуу:

- сапаттуу билим алууга;
- билим берүү программаларын өздөштүрүү процессинде коопсуз шарттарды камсыз кылууга жана ден соолугун коргоого;
- ден соолукта, адеп-ахлактык жана руханий өнүгүүгө зыян келтирүүчү маалыматтан, пропагандадан жана үгүттөн коргоого;
- медициналык кароого жана медициналык биринчи жардамды уюштурууга;
- эксплуатациялоонун жана ден-соолукка зыян келтирүүчү аракеттердин ар кандай түрүнөн, ошондой эле дене бойлук жана психологиялык зомбулуктан, кадыр-баркты басмырлоодон коргоого;
- адамдык кадыр-баркын урматтоого, өз көз караштарын жана ишенимдерин эркин туюнтууга;
- тиешелүү билим берүү стандартынын талаптарынан төмөн болбогон билимге жана кесиптик көндүмдөргө ээ болууга;
- билим берүү стандартынын алкагында Университет тарабынан сунушталган тандоо жана профилдер (адистиктер) боюнча курстардын топтомун тандоого;
- ушул стандарттардын алкагында жеке билим берүү кызматтарын тандоо;
- кошумча билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөө негизинде дагы алууга;

- жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарын жана жогорку окуу жайынын студенти менен анын билим алуусуна, андан ары ишке орношуусуна көмөк көрсөтүүчү жеке/же юридикалык жактын ортосунда түзүлгөн келишимдин шарттарын сактоо менен өзүнүн билим алуу программасынын мазмунун түзүүгө катышууга;

- профилди (адистигин) жана окутуу формасын тандоого;

- окуу планына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жыл сайын берилүүчү каникулдарга;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана локалдык ченемдик актыларда аныкталган тартипте башка билим берүү программа боюнча окууга же башка ЖОЖго которулууга;

- Университеттин ишине тиешелүү маселелерди талкуулоого жана чечүүгө, анын ичинде коомдук бирикмелер жана Университеттин башкаруу органдары аркылуу катышууга;

- локалдык ченемдик актыларда аныкталган тартипте китепканаларды, маалымат фондуларын, окуу, илимий жана башка бөлүмдөрдүн кызмат көрсөтүүлөрүн акысыз пайдаланууга;

- өз иштерин жарыялоого, анын ичинде Университеттин басылмаларына чыгарууга сунуштоого;

- окуудагы өзгөчө ийгиликтери жана Университеттин илимий-изилдөө, коомдук иштерине активдүү катышкандыгы үчүн моралдык жана (же) материалдык колдоого;

- коомдук уюмдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте түзүүгө;

- илимий изилдөөлөрдүн бардык түрлөрүнө, форумдарга, экспедицияларга, маданий агартуучулук иш-чараларга катышууга, кафедралардагы, илимий-изилдөө мекемелериндеги, конструктордук жана технологиялык уюмдардагы илимий-изилдөө иштерин аткарууга тартылууга;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик актыларына ылайык жеңилдиктерге;

- Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында, ушул Уставда жана локалдык ченемдик актыларда каралган башка укуктар.

107. Университеттин билим алуучулары, билим берүү программаларын толук көлөмдө ишке ашырууда дистанциялык билим берүү технологияларын колдонгондор, билим алуучулардын бардык укуктарына ээ болушат жана алардын милдеттерин аткарышат, ошондой эле окууну аяктагандан кийин белгиленген үлгүдөгү билим берүү жөнүндө

документтерди алууга укуктуу.

108. Университетте окуп жаткандар төмөнкүлөргө милдеттүү:

- ушул Уставды, ички тартип эрежелерин жана Университеттин башка локалдык ченемдик укуктук актыларын сактоого;

- билим берүү программаларын мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык өздөштүрүүгө, теориялык билимдерге, кесиптик көндүмдөргө жана илимий изилдөөлөрдүн заманбап ыкмаларына ээ болууга, окуу планында каралган бардык окуу тапшырмаларын белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга;

- эгерде Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында башкача каралбаса, окуу планында каралган окуу сабактарына катышууга;

- окуу тартибин сактоого, ошондой эле жүрүм-турумдун моралдык жана этикалык ченемдерин кармануугa, жалпы улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды урматтоого;

– Университеттин мүлкүнө аяр мамиле жасоого жана келтирилген зыянды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте толтурууга;

- окутуучулардын, билим алуучулардын жана Университеттин кызматкерлерининин ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында каралган башка милдеттерди аткарууга.

109. Билим алуучулардын укуктары менен милдеттерин ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык камсыз кылынат.

110. Билим берүү программалары боюнча билим алган, программаны мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын деңгээлинде толук көлөмдө өздөштүргөн билим алуучулар жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга киргизилет.

111. Билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөн жана жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациядан өткөн билим алуучуга мамлекеттик аттестациялык комиссиянын чечими менен тиешелүү даярдоо багыты (адистиги) боюнча квалификация ыйгарылат жана белгиленген үлгүдөгү билим берүү жөнүндө документ берилет.

## 8-глава. Университеттин кызматкерлери

112. Университеттин кызматкерлерине Университет менен эмгек

мамилелеринде турган адамдар кирет, анын ичинде илимий-педагогикалык кызматкерлер (профессордук-окутуучулук курам жана илимий кызматкерлер), административдик-башкаруу, инженердик-техникалык, административдик-чарбалык, окуу-көмөкчү жана башка персонал.

113. Университеттин кызматкерлеринин эмгек мамилелери Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдары менен жөнгө салынат жана белгиленген тартипте эмгек келишимдери (контракттар) менен таризделет.

114. Университеттин өзгөчө макамын эске алуу менен Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык окуу түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин (факультеттердин декандары, институттардын, жогорку мектептердин, колледждердин директорлору) жана кафедралардын (бөлүмдөрдүн) башчыларынын кызмат орундарын ээлөө үчүн конкурстук тандоону өткөрүү тартибин жана башка шарттарды өз алдынча аныктайт.

Аталган кызматтарга дайындоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык ректор тарабынан жүзөгө ашырылат.

Бул кызматтарды ээлеген адамдар өз функционалдык милдеттерин аткарууда алар үчүн белгиленген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн (KPI) эске алууга милдеттүү.

115. Университеттин өзгөчө макамын эске алуу менен Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык илимий-педагогикалык кызматкерлердин (профессордук-окутуучулук курамдын жана илимий кызматкерлердин) кызмат орундарын ээлөө тартибин өз алдынча аныктайт.

Илимий-педагогикалык кызматкерлердин кызмат орундарын ээлөө конкурстук жана келишимдик негизде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

Илимий-педагогикалык кызматкерлер өз эмгек милдеттерин аткарууда алар үчүн белгиленген негизги натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн (KPI) эске алууга милдеттүү.

116. Университетте педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө төмөндөгүлөргө уруксат берилет:

- жогорку кесиптик билим берүү боюнча – магистр жана адистик боюнча жогорку кесиптик билими бар адамдар;

- орто кесиптик жана орто жалпы билим берүү боюнча – бакалавр боюнча орто кесиптик билими же жогорку кесиптик билими, ошондой эле магистрдик же адистик билими бар адамдар;

- жалпы орто билим берүү боюнча – орто педагогикалык кесиптик

билим берүүдөн төмөн эмес билими бар адамдар.

- жогорку окуу жайынан кийинки жана PhD/профиль боюнча доктору боюнча – илимий даражасы жана/же окумуштуулук наамы барларга;

Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясы тиешелүү деңгээли жөнүндөгү мамлекеттик үлгүдөгү документтер менен ырасталышы керек.

117. Педагогикалык ишмердүүлүк жүргүзүүгө төмөндөгүлөргө уруксат берилбейт:

- соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнө ылайык педагогикалык ишмердүүлүк укугунан ажыратылгандар;

- атайлап оор жана өзгөчө оор кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу жоюлбаган же алына электер;

- мыйзамда белгиленген тартипте аракетке жөндөмсүз деп табылгандар;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен тизмеде каралган оорулары барлар.

118. Университеттин илимий-педагогикалык кадрлары укуктуу:

- билим берүү стандарттарына ылайык билим берүү программаларын, окутуунун формаларын жана методдорун, окуу китептерин жана окуу куралдарын эркин тандоого;

- инновациялык методдорду жана технологияларды түзүүгө жана пайдаланууга, илимий-педагогикалык экспериментти өткөрүүгө, алдынкы педагогикалык тажрыйбаны окуу процессине киргизүүгө;

- билим алуучуларды билим алуудагы бийик жетишкендиктери жана башка ийгиликтери үчүн сыйлоого;

- жекече педагогикалык иш жүргүзүүгө, репетиторлук тартипте сабактарды жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген тартипте тренингдерди өтүүгө;

- билим берүү уюмун башкарууга катышууга;

- үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүгө, методикалык колдоого жана насаатчылыкка;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акы төлөнүүчү өргүүгө;

- Университеттин окуу, илимий жана башка иштери боюнча маселелерди талкуулоого жана чечүүгө катышууга;

- белгиленген тартипте маалымат фондуларын пайдаланууга,

лабораториялардын, кабинеттердин, китепканалардын эсептөө борборлорунун, окуу, илимий, социалдык-тиричилик, маданий жана башка бөлүмдөрүнүн кызмат көрсөтүүлөрүн колдонууга.

Педагогикалык кызматкер Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык айлыкакыларын иштөө укугун пайдаланат.

Билим берүү уюмунун менчик формасына карабастан, студенттердин жогорку билим жетишкендиктери жана башка ийгиликтери үчүн педагогикалык кызматкер ыйгарым укуктуу мамлекеттик билим берүү органдын тармактык сыйлыктарына, мамлекеттик сыйлыктарга, ардак наамдарга жана өзгөчө белгилерге Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык көрсөтүлөт.

119. Илимий кызматкерлер төмөнкүлөргө укуктуу:

- республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалардын жана долбоорлордун конкурстарына катышууга;

- авторлук укук жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алар алган илимий жана илимий-техникалык натыйжаларга алардын авторлугун таанууга жана илимий, илимий-техникалык жана инновациялык иштин натыйжаларын коммерциялаштырууга;

- өзүнүн илимий көз караштарын эркин билдирүүгө жана алардын чыгармачылык эркиндигине кол салуудан коргоого, интеллектуалдык менчикти коргоого, илимий изилдөөлөрдүн натыйжаларын көз карандысыз экспертизалоого жана аларды ишке ашырууга;

- алдынкы илимий-изилдөө уюмдарында, анын ичинде чет өлкөлөрдө тажрыйбадан өтүү, аспирантурада, докторантурада жана илимдин жана билим берүүнүн квалификациялык системасынын башка формаларында окуу, илимий, билим берүү уюмдарынын, донорлорунун эсебинен илимий форумдарга 3 жылда бирден кем эмес жолу катышуу аркылуу квалификацияны жогорулатууга;

- чет өлкөлүк кесиптештери менен илимий маалыматтарды алмашууга жана биргелешкен изилдөөлөрдү жүргүзүүгө, чет өлкөдөгү илимий уюмдарда иштөөгө жана белгиленген тартипте эл аралык илимий басылмаларда макалаларын жарыялоого;

- илимий, анын ичинде чет өлкөлүк коомдоштуктарга кирүүгө же шайланууга;

- илимдин артыкчылыктуу багыттарын эске алуу менен изилдөө тематикасын жана методдорун өз алдынча аныктоого;

- жамааттарга эркин жана өз алдынча биригүүгө, юридикалык жакты жана илимий бирикмелерди, коомдук жана башка уюмдарды түзүүгө.

120. Университеттин илимий-педагогикалык кадрлардын милдеттери:

- окуу жана илимий процесстердин жогорку натыйжалуулугун жана окуп жаткандардын билим берүү программаларын билим берүү стандарттарында белгиленген деңгээлде өздөштүрүүсүн камсыз кылуу;

- окутууну жогорку кесипкөйлүк деңгээлде жүргүзүү;

- инклюзивдик билим берүүнүн принциптерин сактоого, билим берүүнү дифференциялоого жана жекелештирүүгө;

- окуп жаткандардын кесиптик билимин, көндүмдөрүн жана сапатын, жарандык позициясын, жашоого жөндөмүн калыптандырууга;

- ата-энеге, коомдун башка мүчөлөрүнө, Кыргыз Республикасынын маданий-тарыхый баалуулуктарына, мамлекеттик түзүлүшкө урмат көрсөтүү духунда окуу-тарбиялык иштерди жүргүзүүгө, айлана-чөйрөгө аяр мамиле жасоого тарбиялоого;

- жалпы адамзаттык баалуулуктарды: боорукердикти, эмгекчилдикти, гуманизмди, мекенчилдикти, адилеттүүлүктү урматтоого көнүктүрүүгө жана коррупцияга чыдамсыздыкка тарбиялоого;

- окуп жаткандардын өз алдынчалуулугун, чыгармачылык жөндөмүн өнүктүрүүгө, аларга жогорку адеп-ахлак ченемдерин үйрөтүүгө;

- өзүнүн кесиптик билимдерин жана көндүмдөрүн тынымсыз өркүндөтүү, квалификациясын жогорулатуу, илимий изилдөөлөрдү жана чыгармачыл ишмердүүлүктүн башка түрлөрүн жүргүзүү, бул иш-аракеттерге окуп жаткандарды активдүү тартуу жана Университеттин Уставынын талаптарын сактоого;

- билим алып жаткандардын ар-намысын жана кадыр-баркын урматтоого, өз ишинде гендердик зомбулуктун, басмырлоонун көрүнүшөн жол бербөөгө, ошондой эле билим алып жаткандардын ортосунда мындай көрүнүштөргө бөгөт коюуга;

- педагогикалык этиканын ченемдерин сактоо;

- билим алып жаткандарды өз ара түшүнүшүү, тынчтык, элдердин ортосундагы ынтымак рухунда аң-сезимдүү жашоого даярдоого;

- билим алуучулардын жекече чыгармачылык шыктарын жана сынчыл ой жүгүртүүлөрүн өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө.

121. Илимий кызматкерлер төмөнкүлөргө милдеттүү:

- илимий иштин башка субъекттеринин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын сактоого;

- адамдын укуктарын жана эркиндиктерин сактоо менен, башка адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна, ошондой эле айлана-чөйрөгө зыян келтирбестен илимий ишти жүзөгө ашырууга;

- илимий этиканын нормаларын сактоого;

- илимий программаларга, долбоорлорго, квалификациялык илимий

иштерге (диссертацияларга) жана илимий иштин башка натыйжаларына объективдүү экспертиза жүргүзүүгө;

- жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга;

- каржылык каражаттарды максаттуу пайдаланууга.

122. Илимий кызматкерлери төмөнкүлөр боюнча жоопкерчиликти ашат:

- жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөрдүн багыты, ыкмалары жана ишенимдүүлүгү жана алардын натыйжалары үчүн;

- финансылык каражаттарды максатсыз пайдалангандыгы үчүн;

- кесиптик этиканын жана моралдык баалуулуктардын ченемдерин бузгандыгы үчүн;

- өзү сунуш кылган илимий жана илимий-техникалык программалардын жана долбоорлордун экспертизасынын ишке ашырылышына, илимий жана илимий-техникалык натыйжаларга объективдүү баа берүү үчүн.

123. Педагогикалык, илимий жана илимий-техникалык кызматкерлерди даярдоо төмөнкү формаларда ишке ашат:

- докторантура, аспирантура жана изденүүчүлөр;

- базалык докторантура (PhD)) профиль боюнча доктор);

- илимдин доктору окумуштуулук даражасын изденүү үчүн диссертацияларды даярдоого илимий кызматкер кызмат орундарына которуу.

124. Профессордук-окутуучулук курамды кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

125. Университеттин кызматкерлеринин, анын ичинде илимий-педагогикалык, илимий, административдик-башкаруу, инженердик-техникалык, административдик-чарбалык жана башка кызматкерлердин укуктары, милдеттери жана жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, ушул Устав, жамааттык келишим, ички эмгек тартибинин эрежелери жана Университеттин башка локалдык ченемдик укуктук актылары менен аныкталат.

Университеттин кызматкерлери өздөрүнө жүктөлгөн эмгек милдеттерин ак ниет аткарууга, эмгек тартибин, кесиптик этиканын нормаларын, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасынын талаптарын сактоого милдеттүү.

Өз милдеттерин аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн Университеттин кызматкерлери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

## 9-глава. Университетте билим берүү процессин уюштуруу

126. Университеттеги окуу процесси билим алуучуларга кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылуучу окутуунун каражаттарын, формаларын жана методдорун педагогикалык жактан негизделген тандоонун негизинде түзүлөт.

Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте аралыктан окутуу, онлайн жана гибриддик билим берүү технологияларын колдонууга укуктуу.

127. Университетте саясий ишке, диний пропагандага, ошондой эле адамдардын өмүрү же ден соолугу үчүн гумансыз же коркунучтуу окутуу методдорун колдонууга жана жүргүзүүгө тыюу салынат.

128. Университетте тил саясаты Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жузөгө ашырылат.

Университет ар бир студентке (окуучуга) мектепке чейинки билим берүүдөн тарта жогорку кесиптик билим берүүгө чейин мамлекеттик, расмий жана эл аралык тилдердин бирин үйрөнүшү үчүн шарттарды түзөт.

Тиешелүү шарттар болсо, окутуу ошондой эле ар кандай башка тилде да жүргүзүлсө болот.

129. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына жана ушул Уставда аныкгалган тартипте акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын, анын ичинде акы төлөнүүчү кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтөт.

130. Университеттин өзүнө окуу жылынын узактыгын, окуу сабактарынын түрлөрүн, билимди контролдоо системасын камтыган окуу процессин уюштуруунун бардык маселелери Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актылары менен регламенттелет.

Университет илимдин, технологиялардын өнүгүүсүн жана эмгек рыногунун талаптарын эске алуу менен билим берүү программаларынын актуалдуулугун жана билим алуучуларды даярдоонун сапатын камсыз кылат.

131. Окуу процессин уюштуруу Университеттин ректору тарабынан бекитилген академиялык календардын негизинде жүзөгө ашырылат.

Академиялык календарда окуу сабактарынын мезгилдери (семестрлер), аралык жана жыйынтыктоочу аттестациялар, кесиптик практикалар жана окуу ишинин башка түрлөрү, ошондой эле эс алуу мезгилдери (каникулдар жана майрам күндөрү) көрсөтүлөт.

Окутуу Университетте күндүзгү, күндүзгү-сырттан (кечки), сырттан окуу формаларында жана экстернат аркылуу жүргүзүлөт.

132. Университет мектепке чейинки, башталгыч, негизги, орто жалпы, кесиптик башталгыч, орто, жогорку, жогорку окуу жайынан кийинки жана кошумча билим берүүнүн программаларын ишке ашырат. Университет өзгөчө макамдын негизинде билим берүү стандарттарын өз алдынча иштеп чыгат жана бекитет, бул жаңы адистиктерди жана даярдоо багыттарын ачууга укук берет.

133. Кредиттик системаны колдонуу менен окутууда билим берүү программасы боюнча ар бир окуу жылына кабыл алынган студенттер үчүн семестрдик окуу планы түзүлөт. Ага ылайык окуу программалары боюнча студенттин өздөштүрүүсүн, жетишүүсүн баалоо үчүн модулдук баллдык-рейтингдик тамга системасы (мындан ары баллдык-рейтингдик) колдонулат. Бул семестрдик окуу планы студенттердин жекече окуу пландарын түзүүдө колдонулган негизги документ болуп саналат.

134. Окуу жылынын узактыгы жана мөөнөттөрү, ошондой эле окуу сабактарынын, аралык жана жыйынтыктоочу аттестациянын, мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жана каникулдардын мезгилдери билим берүү стандарттарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык академиялык календарь менен аныкталат.

135. Билим алуучуларга каникулдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык академиялык календарь менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө берилет.

136. Билим алуучулардын окуу жүктөмүнүн көлөмү билим берүү стандарттарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат.

137. Билим алуучу Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жеке билим берүү траекториясын жана жеке окуу планын түзүүгө укуктуу.

138. Университетте окуу сабактарынын түрлөрү билим берүү стандарттарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленет.

139. Университет билим берүү программаларын өздөштүрүүнүн сапатын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык учурдагы жетишкендиктерди көзөмөлдөө, аралык аттестация жана бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы аркылуу баалайт.

140. Академиялык аралыкта студенттердин билими модулдук-рейтингдик система аркылуу бааланат. Студенттердин окуу жетишкендиктерин текшерүү үчүн студенттердин билимин баалоонун төмөнкүдөй түрлөрү каралган: учурдагы текшерүү; аралык текшерүү; жыйынтык текшерүү.

141. Университетте адистерди даярдоонун мөөнөттөрү жана деңгээли боюнча ар кандай интеграцияланган билим берүү программалары (дисциплиналар аралык, ЖОЖдор аралык, эл аралык, жакынкы жана алыскы өнөктөш ЖОЖдор менен биргелешкен) жана кошумча билим берүү программалары ишке ашырылышы мүмкүн.

142. Эки тараптуу жана көп тараптуу академиялык алмашуу программаларына катышкан билим алуучуларга, ошондой эле биргелешкен жана (же) тармактык билим берүү программалары боюнча окуп жаткан билим алуучуларга башка билим берүү уюмдарында, анын ичинде чет өлкөлүк окуу жайларда өздөштүрүлгөн окуу дисциплиналарынын (модулдардын), практикалардын жана билим берүү программасынын башка компоненттеринин жыйынтыктарын кайра эсепке алуу Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык жүргүзүлөт.

143. Университеттин тарбиялык милдеттери билим берүүнүн гуманисттик мүнөзүнөн, жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгынан келип чыгат, студенттер менен окутуучулардын биргелешкен окуу, илимий, чыгармачылык, өндүрүштүк жана коомдук ишмердүүлүгү аркылуу жүзөгө ашырылат.

144. Университетте билим алуучулардын жана кызматкерлердин сырткы келбетине коюлуучу талаптар ишкердик жана окуу этикасынын нормаларын сактоону эске алуу менен белгиленет жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актылары менен жөнгө салынат.

145. Билим алуучуларды которуу, калыбына келтирүү, окуудан чыгаруу, ошондой эле академиялык өргүүлөрдү берүү жана билим берүү мамилелеринин өзгөрүшүнө байланышкан башка маселелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат.

146. Билим алуучунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн нормативдик мөөнөтүнөн ашкан максималдуу окуу мөөнөтү билим берүү стандарттарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык аныкталат.

Өзгөчө учурларда, анын ичинде медициналык көрсөтмөлөр боюнча, билим алуучуларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте академиялык өргүү берилет.

Күндүзгү-сырттан (кечки) жана сырттан окуу формалары боюнча окуу мөөнөттөрү күндүзгү окуу формасына салыштырмалуу айырмаланышы мүмкүн.

Тийиштүү кесиптик же жогорку билимге ээ болгон билим алуучулар белгиленген тартипте тездетилген билим берүү программалары боюнча окууга укуктуу.

147. Күндүзгү окуу формасында окуп жана мамлекеттик бюджеттин каражаттарынын эсебинен билим алган студенттер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин ички ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте стипендиялар жана социалдык колдоонун башка чаралары менен камсыз кылынат.

148. Келишимдик (контракттык) негизде билим алып жаткан билим алуучулар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык социалдык колдоо чаралары менен камсыз кылынат.

149. Билим берүү программалары боюнча келишимдик (контракттык) негизде окутуу акы төлөнүүчү болуп саналат. Окуу акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык Университет тарабынан белгиленет.

150. Университет билим алуучулар үчүн киреше алып келүүчү ишмердүүлүктөн түшкөн каражаттардын, жеке жана юридикалык жактардын кайрымдуулук каражаттарынын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка булактардын эсебинен аталыштуу стипендияларды, социалдык төлөмдөрдү жана башка материалдык колдоо чараларын белгилөөгө укуктуу.

151. Билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык билим берүү программасын толук өздөштүргөн билим алуучулар мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестацияга киргизилет. Мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациянын жыйынтыгы боюнча бүтүрүүчүгө тиешелүү квалификацияны ыйгаруу жөнүндө чечим кабыл алынат.

152. Университеттин бүтүрүүчүлөрүнүн мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациясы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан белгиленген тартипте түзүлүүчү жана Университеттин Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилүүчү Мамлекеттик аттестациялык комиссия тарабынан жүргүзүлөт.

153. Университет мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөн адамдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык мамлекеттик үлгүдөгү билим берүү жана (же) квалификация жөнүндө документтерди берет.

154. Билим берүү программасын толук өздөштүрбөгөн адамдарга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленген үлгүдөгү документ берилет.

## 10-глава. Университеттин илимий жана илимий-техникалык иши

155. Университет өзүнүн өзгөчө макамын эске алуу менен билим берүү ишмердүүлүгү менен катар адистерди даярдоонун курамдык бөлүгү болуп саналган фундаменталдык, издөө жана прикладдык илимий изилдөөлөрдү жүзөгө ашырат.

156. Университетте илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн ишке ашыруунун негизги принциби болуп илимий ишмердүүлүктү билим берүү процесси менен интеграциялоо жана билим алуучуларды илимий изилдөөлөргө жана чыгармачылык ишмердүүлүккө тартуу саналат.

157. Илимий-изилдөө ишмердүүлүгүнүн негизги милдеттери болуп фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдү өнүктүрүү, илимий ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын практикага киргизүү жана адистерди даярдоону илимий жактан камсыз кылуу саналат.

158. Университеттин илимий иштеринин негизги багыттары Окумуштуулар кеңеши тарабынан бекитилет.

159. Университеттеги илимий иштерди профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер, докторанттар, аспиранттар, магистранттар, билим алуучулар, ошондой эле сырттан тартылган жогорку квалификациялуу изилдөөчүлөр жана адистер аткарышат.

160. Илимий иштин уюштуруучулук түзүмдөрүнүн негизин кафедралар жана лабораториялар, илимий-изилдөө борборлору жана институттар, маалыматтык жана инновациялык борборлор, окуу жана изилдөөчүлүк мүнөздөгү башка бөлүмдөр, докторантура жана аспирантура, диссертациялык кеңештер, басылма, илимий китепкана түзөт.

161. Университеттеги илимий ишмердүүлүк гранттардын, бюджеттик каражаттардын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган башка каржылоо булактарынын эсебинен жүзөгө ашырылат.

162. Университет профессордук-окутуучулук курамдын, илимий кызматкерлердин жана билим алуучулардын илимий ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды түзөт.

163. Университет билим берүү иши менен катар илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишти жүзөгө ашырат, илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштерди, анын ичинде

интеллектуалдык менчик объекттерине укуктарды ишке ашырууну жүргүзөт.

164. Университет, ошондой эле алардын илимий жана илимий-техникалык кызматкерлери республикалык бюджеттен жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан каржылануучу илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык программалар менен долбоорлордун конкурстарына катышууга укуктуу.

165. Университеттин илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык ишмердүүлүгү илимий-техникалык кеңеш тарабынан башкарылат.

166. Илимий-техникалык кеңеш илимий гранттарды бөлүп берүүгө, илимий изилдөөлөрдүн деңгээлин жогорулатууга жана Университеттин ичинде илимий изилдөөлөрдүн артыкчылыктуу багыттарын аныктоого жана алардын натыйжаларын өндүрүштүк жана социалдык чөйрөгө киргизүүгө ыйгарым укуктуу.

167. Илимий гранттар илимий жана илимий-техникалык изилдөөлөрдү жүргүзүүгө бөлүнөт жана Университеттин ректору тарабынан Университеттин Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашылган сметага ылайык Университеттин атайын каражаттарынан каржыланат.

168. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте илимий лабораторияларды, илимий-изилдөө институттарын, илимий-билим берүү борборлорун, тажрыйбалык өндүрүштөрдү, долбоорлоо-конструктордук уюмдарды, технопарктарды, технополистерди, ошондой эле илимий-билим берүү консорциумдарын, чарбалык коомдорду түзүүгө жана илимий, илимий-техникалык жана илимий-инновациялык иштин натыйжаларын ишке ашыруудан киреше алууга укуктуу.

169. Университет илимий-инновациялык өнүгүү үчүн бизнес түзүмдөрү жана ишканалар менен биргелешип иштөө үчүн жайларды жана жер участокторду пайдаланууга укуктуу.

170. Университет белгиленген артыкчылыктарга ылайык илимий ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө каражаттарды багыттоону карайт.

### 11-глава. Билим берүүнү өнүктүрүүнү каржылоо

171. Университеттин каржылоо булактары төмөнкүлөр болуп саналат:

- өзгөчө макамга ылайык өздүк каражаттар, анын ичинде валюталык түшүүлөр, ошондой эле билим берүү, консультациялык, илимий-изилдөө, басма ишмердүүлүгүнөн, кызмат көрсөтүүлөрдөн, ишкердиктен жана

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынбаган киреше алып келүүчү башка ишмердүүлүктөн түшкөн кирешелер;

- мамлекеттик жана коммерциялык банктардын насыялары;

- депозиттерден түшкөн кирешелер;

- акы төлөнүүчү окуу иш-чараларын, окуу-өндүрүштүк өнөрканалардын, окуу-тажрыйба тилкелеринин, чарбалардын, басмаканалардын, коомдук тамактануу бөлүмдөрүнүн жана Университеттин башка курамдык бөлүмдөрүнүн, ошондой эле башка ишкердик жана башка киреше алып келүүчү иш-чаралардын каражаттары;

- ишканалар, уюмдар, коомдук фонддор, жеке адамдар (анын ичинде чет өлкөлүк) тарабынан кайтарымсыз берилген каражаттар;

- мамлекеттик имараттарды, курулмаларды, жер тилкелерин, жабдууларды билим берүү уюмдарынын чыгымдарынын ордун толтуруу, жеке жана башка формадагы стипендиялар, ссудалар, жеңилдиктер түрүндө мамлекеттик каржылоо;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген башка булактар саналат.

172. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектерде оперативдүү башкаруу укугунун негизинде өзүнө бекитилген мүлккө ээлик кылат жана пайдаланат.

Университет өзгөчө макамга ылайык Көзөмөлчүлүк кеңеши менен макулдашуу менен атайын каражаттардын эсебинен сатып алынган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү өз алдынча тескөөгө (ажыратууга, өзгөртүүгө, ижарага берүүгө), ошондой эле кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү ижарага берүүдөн келип түшкөн каражаттарды тескөөгө укуктуу.

173. Университет өзгөчө макамына ылайык атайын каражаттарды пайдалануу үчүн казыналык системадан тышкары мамлекеттин үлүшү бар коммерциялык банктарда банктык эсептерди ачат.

174. Университет өз милдеттенмелери, тескөөсүндөгү акча каражаттары боюнча жооп берет.

175. Уставдык ишин камсыз кылуу максатында Университетке ыкчам башкаруу укугунда менчик укугундагы объектилер (имараттар, курулмалар, мүлк комплекстери, жабдуулар, ошондой эле керектөөчүлүк, социалдык, маданий багыттагы башка зарыл мүлктөр) бекитилип берилет.

176. Университетке бекитилген менчик объектилери анын ыкчам башкаруусунда болот жана билим берүүдөн тышкары башка максатта пайдалануу үчүн алынбайт. Университет ишенип берилген мүлктүн сакталышы жана натыйжалуу пайдаланылышы үчүн жоопкерчилик тартат.

177. Жеке жана юридикалык жактар, чет элдик фонддор тарабынан

белек, кайрымдуулук түрүндө же мурас боюнча берилген акча каражаттарына, мүлктөргө жана башка менчик объектилерине, анын ишинин жыйынтыгы болгон интеллектуалдык жана чыгармачылык эмгектин продуктуна, ошондой эле Университеттин жеке ишинен кирешелерге жана ушул кирешелерге алынган менчик объектилерине болгон менчик укугу Университетке таандык.

178. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык анын ыкчам башкаруусуна берилген бардык мүлктү өз алдынча пайдаланат.

179. Университетке түшкөн бардык каражаттар анын кирешелери болуп эсептелет жана эмгек акы төлөө, окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдү камсыздоо үчүн материалдык, техникалык жана окуу-методикалык базаны өнүктүрүүгө пайдаланылат.

180. Университет өзүнүн каражаттарын, анын ичинде Университеттин кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөгө жана материалдык өбөлгөлөөгө багытталган үлүшүн пайдалануу багытын жана тартибин өзү алдынча аныктайт, окуп жаткандарды жана кызматкерлерди социалдык колдоо боюнча чараларды иштеп чыгат жана ишке ашырат.

181. Материалдык дем берүү жана материалдык жардам көрсөтүүнүн өлчөмдөрү кызматкерлердин бардык категориялары үчүн Университет тарабынан колдо болгон финансылык каражаттардын чегинде өз алдынча белгиленет. Мында мамлекеттик тарифтик ставкалар (окутуучулардын сааттык эмгек акысынын ставкалары, кошумча төлөмдөр жана үстөктөр) жана билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин кызматтык маяналары эмгек акы төлөөнүн минималдуу кепилдиги катары колдонулат.

182. Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү Университет тарабынан өздүк жана тартылган каражаттардын эсебинен өз алдынча жүзөгө ашырылат. Жабдууларды сатып алууга жана капиталдык оңдоого чыгымдардын өлчөмдөрү Университет тарабынан муктаждыкка жана финансылык каражаттардын болушуна жараша, белгиленген тартипте бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметасынын чегинде өз алдынча аныкталат.

183. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте кайрымдуулук иш-чараларын, аукциондорду жана башка ушу сыяктуу иш-чараларды өткөрүүгө укуктуу.

184. Университет тарабынан көрсөтүлүүчү билим берүү кызматтарына төлөм улуттук валютада акча каражаттарын Университеттин банктык эсебине чегерүү, которуу же төлөп берүү жолу менен жүргүзүлөт.

185. Өзгөчө макамына ылайык Университет акы төлөнүүчү билим берүү жана башка кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтерин өз алдынча түзөт

жана бекитет. Окуу акысынын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү окуу жылына карата кирешелер жана чыгашалар сметасынын негизинде аныкталат. Акы төлөнүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин прейскуранты, ошондой эле кирешелер жана чыгашалар сметасы Көзөмөлчүлүк кеңеши тарабынан каралып, Университеттин ректору тарабынан бекитилет. Акы төлөнүүчү билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин экономикалык негиздемеси болуп Университеттин тиешелүү кызматтарды көрсөтүүгө кеткен негизделген чыгымдарынын негизинде аныкталуучу өздүк наркы саналат.

186. Акы төлөнүүчү билим берүү ишмердүүлүгү ишкердик ишмердүүлүк катары каралбайт, ал эми андан түшкөн кирешелер толугу менен билим берүү процессин камсыз кылууга байланышкан чыгымдардын ордун толтурууга багытталат.

187. Өзгөчө макамына ылайык Университет сатып алууларды Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларында жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте жүзөгө ашырат.

188. Университеттин финансылык жана материалдык каражаттары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо алынууга жатпайт.

189. Уставдык максаттарга жетүү үчүн Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Университеттин Уставы менен тыюу салынбаган ишкердик ишмердүүлүктү жүзөгө ашырууга укуктуу.

190. Университет бухгалтердик эсепти жана отчеттуулукту Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзөт.

191. Университетте бухгалтердик отчеттуулуктун маалыматтарынын аныктыгы үчүн жооптуу адамдар жана Университеттин мүлкүн уурдоону жашыруу максатында отчеттуулукту бурмалоого жол берген түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартышат.

## 12-глава. Университеттин инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы

192. Университеттин инфраструктурасы жана материалдык-техникалык базасы билим берүү, илимий-изилдөө, окуу-өндүрүштүк жана Университеттин башка уставдык ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырууда пайдаланылуучу имараттарды, курулмаларды, инженердик коммуникацияларды, жабдууларды, транспорт каражаттарын, жер тилкелерин, маалыматтык-технологиялык ресурстарды, китепкана

фонддорун жана башка материалдык-техникалык активдерди камтыйт.

193. Өзгөчө макамын эске алуу менен Университеттин материалдык-техникалык базасын өнүктүрүү Университет тарабынан өздүк жана тартылган каражаттардын эсебинен өз алдынча жүзөгө ашырылат. Жабдууларды сатып алууга, реконструкциялоого, модернизациялоого жана капиталдык оңдоого кеткен чыгымдардын өлчөмдөрү Университет тарабынан муктаждыкка жана финансылык каражаттардын болушуна жараша, белгиленген тартипте бекитилген кирешелер жана чыгашалар сметасынын чегинде аныкталат.

194. Университеттин билим берүү, илимий-изилдөө, окуу-өндүрүштүк жана башка уставдык ишмердүүлүгүндө пайдаланылуучу материалдык-техникалык базасы максаттуу багытына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланылат.

195. Университеттин инфраструктурасынын жана материалдык-техникалык базасынын объекттерин ижарага берүүдөн түшкөн кирешелер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин локалдык ченемдик укуктук актыларына ылайык Университеттин билим берүү, илимий жана материалдык-техникалык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө багытталат.

196. Туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу максатында Университет экологиялык багыттагы жана санариптик инфраструктураны өнүктүрүүнү, энергиянын натыйжалуулугун жогорулатууга, ресурстарды сарамжалдуу пайдаланууга жана заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологияларды киргизүүгө багытталган «жашыл» жана санариптик кампустарды калыптандырууну жана алардын иштешин камтыган инфраструктураны жана материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүнү жүзөгө ашырат.

## 13-глава. Эл аралык кызматташтык

197. Университет Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине ылайык билим берүү, илим, илимий-техникалык, инновациялык жана башка уставдык ишмердүүлүк чөйрөсүндө эл аралык кызматташтыкты жүзөгө ашырат.

Эл аралык кызматташтык төмөнкүдөй жолдор аркылуу ишке ашырылат:

- билим алуучулар, педагогикалык, илимий жана башка кызматкерлер менен академиялык мобилдүүлүк жана эки тараптуу, көп тараптуу алмашуу программаларына катышуу;

- чет өлкөлүк жарандарды окутуу;

- Университеттин билим алуучуларын, педагогикалык, илимий жана

башка кызматкерлерин чет өлкөлөргө окууга, стажировкага жана квалификациясын жогорулатууга жөнөтүү;

- биргелешкен илимий изилдөөлөрдү, конференцияларды, симпозиумдарды жана башка эл аралык иш-чараларды өткөрүү;

- эл аралык уюмдардын, ассоциациялардын, консорциумдардын жана эл аралык билим берүү жана илимий программалардын ишине катышуу;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келбеген эл аралык кызматташтыктын башка түрлөрүн жүзөгө ашыруу.

198. Чет мамлекеттердин жарандарын даярдоо, кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле Университеттин кызматкерлеринин чет өлкөлөрдөгү окутуучулук жана илимий-изилдөө ишмердүүлүгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, эл аралык келишимдерге жана Университет тарабынан түзүлгөн келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылат.

199. Өзгөчө макамын эске алуу менен Университет:

- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен келишимдерди жана макулдашууларды түзүүгө;

- эл аралык билим берүү, илимий жана инвестициялык долбоорлорго катышууга;

- чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргеликте билим берүү, илимий жана инновациялык түзүмдүк бөлүмдөрдү түзүүгө;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте эл аралык уюмдарга, ассоциацияларга жана консорциумдарга мүчө болууга укуктуу.

## 14-глава. Билим берүү уюмун кайра уюштуруу жана жоюу тартиби

200. Университетти кайра уюштуруу жана жоюу Кыргыз Республикасынын жарандык мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

201. Университет кайра уюштурулган учурда, анын түзүмү же макамы өзгөргөндө Университеттин Уставына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте тиешелүү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилет.

Тигилген, номерленген жана бекитилген басма тамгалар менен жазуу 45 (кырк беш) барактар

Кызматы Убдын ИМ бол. шот. адис

кол коюу [signature] / Мамасова Ж. /

"02" 08 2020 жыл

М.О.

КАНЦЕЛЯРИЯ

КАНЦЕЛЯРИЯ

КАНЦЕЛЯРИЯ